**Актилек жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында аткарылган окуу-тарбия иштери боюнча**

**АНАЛИЗ.**

| | | |
|---|---|---|
| **Башкаруунун натыйжалуулугу жана билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** | | |
| 1 | 5 жылдын өнүгүү стратегиялык планын түзүү | **Актилек жалпы билим берүү орто мектебинин миссиясы:**<br>-Актилек жалпы билим берүү орто мектеби өздүк аймактын өзгөчөлүгүн эске алуу менен үзгүлтүксүз башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто билим берүүнү камсыз кылат.<br>-Мектеп ата-энелер жана жергиликтүү коомчулук менен тыкыз байланышта, инсандын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгында билим берүү жана тарбия иштерин жүргүзөт.<br>-Окуучулардын ден соолуктарын сактоону камсыз кылат жана инсандын ар тараптан өнүгүүсүнө шарттарды түзөт.<br>-окуучунун жеке жана социалдык өнүгүүсүнө багытталган окутууну жана балдарды өзүн, үй бүлөсүн, Ата Мекенин, жаратылышты сүйүүгө тарбиялоону кепилдендирет.<br>**Мектептин максаты:** Инсанга багытталган билим берүүнүн максаттарына жооп бере тургандай, окутуунун натыйжалуу усулдарын өздөштүрүү аркылуу окуучулардын билимге болгон керектөөлөрүнө түрткү берүү. Окуучуларды окутууга ыңгайлуу шарт түзүү, окууга кызыгууларын өстүрүү, балдардын сабактагы жигердүүлүгүнө колдоо көрсөтүү.<br>**Мектептин милдети:**<br>1.Окуу процессинде окутуунун натыйжалуу усулдарын өздөштүрүүгө ыңгайлуу шарт түзүү;<br>2. Окуу программаларын окуучулардын керектөөлөрүнө ыңгайлаштыруу;<br>3.Мугалимдерге окутуунун натыйжалуу усулдарын колдонууну камсыздоо;<br>4.Мектептин иштерине ата-энелерди тартуу, мектептин маалымат булактарын ар тараптуу кылуу.<br>Актилек жалпы билим берүү орто мектебинде өзүн –өзү өнүктүрүү программасынын негизинде түзүлгөн планды ишке ашырууда күтүлгөн жыйынтыкка жетишүү үчүн атайын программанын негизинде 2019-2024-жылга чейин |

| | | |
|---|---|---|
| | | стратегиялык план түзүлгөн, анын негизинде мектептин өнүгүүсүнө жыл сайын мектептин планы аткарылып, түзөтүүлөр киргизилип турат. Мектеп тарабынан күтүлгөн натыйжалары менен 4 билим берүү максат коюлган<br>**1-билим берүү максаты:** Башталгыч, негизги жалпы жана жалпы орто билим программалары боюнча окутууга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, окутуунун технологияларын колдонуу жана контингенттин өзгөчөлүгүн эске алуу менен окууга шарт түзүү.<br>**Күтүлгөн натыйжалар:** Окуучулардын жалпы билим жетишкендиктерин камсыз кылуу жана жалпы билим берүү программалары боюнча билим сапаттарын жогорулатуу;<br>**2-билим беруу максаты:** Мектептеги кадрларды толук камсыздоо жана мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу.<br>**Күтүлгөн натыйжалар:**<br>1. Мугалимдердин дасыгын жогорулатуу деңгээлин иш мерчемине ылайык 100% көтөрүү.<br>2. Учурда бар болгон контингентти 100%га чейин сактап калуу менен окуучулардын билим алууга жеткиликтүүлүгүн максималдуу түрдө камсыз кылуу.<br>**3-билим беруу максаты:** Ата-энелер жана коомчулук менен тыгыз байланышты калыптандыруу.<br>**Күтүлгөн натыйжалар:** Өспүрүмдөрдү ишке орноштурууда жана ЖОЖдордо, орто кесиптик окуу жайларда окууну тандап алууда, ата-энелер менен мектептин, мектеп менен коомчулуктун ортосунда жигердуу кызматташууга жеткирүү;<br>**4-билим беруу максаты:** Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоодо өнөктөш уюмдар жана демөөрчүлөр менен байланышты чыңдоо.<br>**Күтүлгөн натыйжалар:** Мектептин чатырын, даараткансын 100%га жаңылатуу, компьютерлерди жана принттерлерди, видео аппаратураларды алуу.<br>Жогоруда көрсөтүлгөн билим беруу максаттары педагогдордун чыгармачылыгын өстүрүү, билим берүү сапатын, окуучуларга билим берүү жана тарбиялоо шарттарын жакшыртуу, семинарларды өткөрүү, методикалык кеңешмелерде баяндамаларды жасоо менен сабактар, мастер-класстар, ментордук мектеп аркылуу тажрыйба алмашуу жолдору менен мугалимдердин жана окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатууга багытталган. |
| 2 | Мектептин иш | Мектептин иш кагаздары номенкулатуранын негизинде |

| | | |
|---|---|---|
| | кагаздарынын абалы (пед.кеңешменин протоколу, усулдук советтин протоколдору жана башка номенклатурдук кагаздар) | жүргүзүлөт. Сабактардын жүгүртмөсү санитардык-гигиеналык талапка ылайык түзүлүп, мектеп директору тарабынан бекитилген, киреше, чыгаша корреспонденция китеби, арыздоо арыз журналы, сабактардын калтырылышы жана алардын ордуна өтүлгөн сабактардын журналы, кружоктук иштердин журналы бар жана Жобого ылайык жүргүзүлөт.<br>Педагогдордун өздүк делосу жана эмгек китепчелери убагында толтурулат. Балдарды каттоочу алфавит китеп бар жана инструкция боюнча толтурулат.<br>Окуучулардын өздук делосу, класстык журналдарда келген-кеткен окуучуларды каттоо инструкциясынын негизинде жүргүзүлөт жана бири-бирине дал келет. Үч буйрук китеби бар. Буйруктар мамлекеттик тилде жүргүзүлөт. Мектепте 9-класстарга негизги билими тууралуу куболукту тапшыруу китеби жана 11-класстарга жалпы орто билими тууралуу аттестат тапшыруу китеби бар. Күбөлүк, аттестат тапшыруу китеби тиркелген, номерленген жана мектептин печаты менен директордун колу коюлуп бекитилген. Мектептин планына ылайык, педкеңеш, директор, завуч алдындагы, усулдук кеңешмелердин иштери жүргүзүлүп, протоколдор жазылып, ага материалдар чогултулган. Класстык журналдар толтурулган жана директор тарабынан бекитилген. Журналды толтуруу боюнча эскертүүлөр мектептин администрациялары тарабынан берилип турат. Жазуу иштеринин, лабораториялык, практикалык иштердин нормалары сакталган. |
| 3 | Локалдык акттардын болушу ( мониторинг, баалоо, ишмердүлүүктун анализи, ички иш тартиби) | Мектеп өз ишинде негизги ченемдик документтердин тутуму менен колдонот<br>-Кыргыз Республикасынын Конституциясы.<br>-Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы.<br>-“Мамлекеттик тил жөнүндөгү” мыйзам.<br>-“Мугалимдин статусу жөнүндөгү” мыйзам.<br>-Кыргыз Республикасынын 2012-2020-жылдарга билим берүүнүү өнүктүрүү концепциясы.<br>-“Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты” КР.Өкмөтүнүн 21.04.2014-жыл №403 токтому менен бекитилген.<br>-Башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик стандарты.<br>-Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты.<br>-Мектептин Уставы.<br>-Баланын укугу жөнүндөгү конвенция. |

-КР.эмгек кодекси.
-КР.Өкмөтүнүн буйруктары жана токтомдору.
Актилек жалпы билим беруу орто мектеби, окутуу кыргыз жана орус тилинде жургузулгон жалпы орто билим беруучу уюм. Мектепке уч айылдан (Интернационал, Боз-Бармак, Жар-Башы жана жакынкы дачаларынан) келип окушат.

Мектептин имараты-типтуу.
Жылытуу системасы-электрдик.
Эксплуатацияга 1975-жылы берилген.
Проект боюнча отуруу оруну-950 орундуу.
Актилек орто мектеби узгултуксуз башталгыч, негизги жалпы жана жалпы орто билим берууну камсыз кылуу менен бирге томонку билим беруу баскычтарды камтыйт.

| Класс | Окуучулардын саны | Класс комплект | Орточо толтурулушу |
|---|---|---|---|
| 0-4 класс | 416 | 20 | 50 % |
| 5-9 класс | 368 | 16 | 42 % |
| 10-11 | 100 | 6 | 12 % |

Мектепте 100 орундуу ашкана, спорт зал, 27 окуу кабинет, китепкана, оноркана иштейт. Мектеп 2 сменада окуйт. Мектептин иштоо режими: 0-11-класстар беш кундук жумалык иш күндөрү боюнча иштейт.
Биринчи класстар учун сабактардын узактыгы-40 минут.
2-11-класстар учун сабактардын узактыгы- 45 минут.
Окуу жылы 4 чейрекке болунгон. Окуу планында кузгу, кышкы, жазгы каникулдар каралган. Сабактардын жугуртмосу санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык тузулгон.
Окуу пландары толугу менен аткарылат, бардык предметтер өткөрүлөт.

4 | О

Ар чейрек сайын класс жетекчилери тарабынан тематикалык ата-энелер чогулуштары өткөрүлөт жана окуучулар менен ата-энелердин арасында мектепте билим берүү программаларынын аткарылышына карата пикирин билүү үчүн социалдык сурoo жүргүзүлөт. Ата-энелердин жана окуучулардын көпчүлүк бөлүгү билим берүү программаларын ишке ашырууга жана анын жыйынтыктарына он баасын беришет.Мектепте маалыматтарды топтоо, системага келтируу, жалпылоо жургузулот.
Билим беруу процессинде ата-энелердин катышуусу

менен ата-энелер, окуучулар арасында сурамжылоо жүргүзүү учун төмөнкү анкета иштелип чыккан.

1. Билим берүү мекемесине канчалык деңгээлде канааттандыңыз?
2. Окутуунун сапаты
3. Мугалимдердин квалификацияланышы
4. Окуучулардын сабакка катышуусу
5. Окуучулардын тартиби жана жүрүш-турушу

Окуу шарттары (имарат, орундар, тамак-аш)

**Мониторинг жүргүзүү жана мезгили менен баалоо**

1 Мектептин билим сапаты боюнча мониторигин өткөүү (тышкы баалоо жүргүзүү, анализдөө, мониторинг түзүү)

Мектептин жетекчилиги тарабынан стратегиялык жана күнүмдүк иш мерчемин аткарууга жыл сайын мониторинг өткөрүүнүн тартиби жана тизмеги иштелип чыгат.


-стратегиялык иш мерчемдерин аткарууга жылына бир жолу сапаттуу мониторинг жургузулуп, натыйжалары мектептин ишине талдоо жүргүзүүдө чагылдырылып көрсөтүлүп турат.

-күнүмдүк иш мерчемдерин аткарууга жылына эки жолу: 1,2-жарым жылдык мониторинг жүргүзүлөт, анын натыйжалары боюнча мектептин кунумдук ишине оңдоо-түзөтүүлөр киргизилет.

-билим берүү сапатына тутумдуу мониторинг жүргүзүлүп турат: 1. Окуу сабактардан жетишүүсүнө мониторинг ; 2. Мамлекеттик стандарттын талаптарынын деңгээли боюнча педагогикалык кызматкерлердин ишмердүүлүгүнө мониторинг; 3. Мектептин ишмердүүлүгүнө мониторинг.


2-11-класстарда билим сапаатынын жылдык жыйынтыгы боюнча анализ

| Кл. | Бард. | “5” | “4” | “3” | “2” | Б/с | Жетиш. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2-4 | 255 | 49 | 86 | 120 | - | 52% | 100% |
| 5-9 | 368 | 41 | 134 | 203 | - | 47% | 100% |
| 10-11 | 100 | 9 | 29 | 37 | - | 38% | 100% |
| 2-11 | 730 | 99 | 249 | 360 | - | 47% | 100% |




Башталгыч класстар боюнча жыйынтык


| Кл. | Бард. | "5" | "4" | "3" | "2" | Б/с | Жет ш. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2-кл. | 72 | 17 | 23 | 32 | - | 55% | 100% |
| 3-кл. | 93 | 13 | 37 | 43 | - | 53% | 100% |
| 4-кл. | 90 | 19 | 26 | 45 | - | 50% | 100% |




| Кл. | Бард. | "5" | "4" | "3" | "2" | Б/с | Жетиш. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-кл. | 69 | 8 | 25 | 36 | - | 48% | 100% |
| 6-кл. | 98 | 9 | 34 | 54 | - | 43% | 100% |
| 7-кл. | 72 | 10 | 23 | 39 | - | 45% | 100% |
| 8-кл. | 73 | 10 | 22 | 45 | - | 43% | 100% |
| 9-кл. | 63 | 4 | 30 | 29 | - | 54% | 100% |




| Кл. | Бард. | "5" | "4" | "3" | "2" | Б/с | Жетиш. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 10-кл. | 40 | 3 | 15 | 22 | - | 45% | 100% |
| 11-кл. | 60 | 6 | 26 | 28 | - | 53% | 100% |



¶

2021-2022-жылы райондо өткөрүлгөн предметтик олимпиадага мектептен 19 окуучу катышышып, төмөнкүдөй жыйынтыкка ээ болдук. Мектеп Ысык-Ата районундагы мектептер арасында командалык 4 орунду ээледи.

| № | Окуучунун аты-жону | Предмет | Кл. | Орун | Мугалим |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кудайбергенов Султан | Англис тили | 11-в | 3 | Усубалиева Ч.А. |
| 2 | Идирисов Өмүрбек | Кыргыз тили | 9-г | 2 | Жологонова Т.К. |
| 3 | Жумаева Акылай | Физика | 9-а | 1 | Асаналиева Н.У. |
| 4 | Устамидинова Аяна | Физика | 10-а | 2 | Асаналиева Н.У. |
| 6 7 | Алиева Азиза | Кыргыз тили | 11-а | 2 | Жологонова Т.К |
| 8 | | | | | |

2 МБн жумушун көзөмөлдөө (пландаштыру, чогулуштун протоколу, жумалык предметтик декада өткөзүү, жаш кадрлар менен иштөө)

Мектептин өнүгүшүндө негизги ролду сабактар, мугалимдердин кесиптик чеберчилиги жана окуу методиксы менен камсыздоо болуусу талашсыз. Ошондуктан методикалык кызматтын ишине райондук Билим берүү бөлүмү жана мектептин администрациясы өзгөчө маани берет. Райондук Билим берүү бөлүмүндө түзүлгөн усулчулар мектепти илимий методикалык жактан камсыздашат. Мисалы: окуу программалары, окуу китептери, колдонмо дептерлер, окуу куралдары, методикалык колдонмолор, адабияттар, календардык-тематикалык пландар ж.б. менен.

Методикалык бирикме жетекчилери тарабынан жаш адистер жана предметтик мугалимдер үчүн ар чейрек сайын семинарлар, окуулар, методикалык күндөр өткөрүлүп турат. Ошол эле учурда предметтердин сапаттуу окутулушун көзөмөлгө алышат. Окуучуларга мониторинг жургузуу аркылуу предметтик мугалимдердин денгээлин, иштөө системасы анализделет.

Азыркы учурда репродуктивдуу окутуудан алыстап, чыгармачылыкка, изденуучулукко багытталган окутууга басым коюлуп жаткан учур. Ошондуктан проекттик метод, интерактивдуу окутуу, сынчыл ойлом, дифференциалдуу окутуу технологиялар, методдор мугалимдердин ишмердуулугундо натыйжалуу колдонууда.

Усулдук бирикмелердин алдыга койгон максаты: “Педагогдун кесипкойлук, компетенттуулугунун, окуучулардын билим сапаттарынын деңгээлдерин көтөрүү.”

Окуу жылында коюлган усулдук бирикмелердин максатын жузого ашыруу учун мугалимдерге шарт түзүп берүү зарыл.

Методикалык иш айрым мугалимдин жана бүткүл педагогикалык

| | | |
|---|---|---|
| | | жамааттын кесипкойлугун онуктурууго комокчу болот. Билим беруунун жаны натыйжаларына жараша мугалимдердин ишмердик технологияларын, окуучулар менен сабакта жана сабактан сырткары убакта иштоо усулдарын жана ыкмаларын колдонуу зарылчылыгына туртот.<br>Мугалимдин квалификациясын жогорулатуу ар кандай формада откоруу.<br>-окутуунун жана тарбиялоонун жалпы усулунун маселелери боюнча усулдук семинарлар.<br>-оз алдынча багытталган билим алуу.<br>-озунун тажырыйбасын жана проблемалык жагдайларды чечуу максатында ачык сабактарды отуу.<br>-УБнын иштери.<br>-мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстары.<br>Билим беруунун сапатын камсыздоого карата быйылкы 2021-2022-окуу жылында усулдук бирикмелер "Бардык окуучуларды сапаттуу окутууга жана онуктурууго карата бирдей мумкунчулук менен камсыз кылуу" темасында иш жургузушот.<br>Окуучунун озгочолукторун жана муктаждыктарын аныктай билуу жана ага ылайык ал учун шайкеш келген окуу материалын же ишмердикти табуу, сабакта дифференцияланган окутууну ишке ашыруу болуп саналат.<br>Методикалык иштердин формалары, мектептин билим беруу программасынын милдеттерин чечуу боюнча багытталган.<br>Мектепте 6 усулдук бирикмелер иштейт<br>1."Кыргыз тили жана адабияты" усулдук бирикмеси.<br>2."Орус тили жана адабияты, англис тили" усулдук бирикмеси.<br>3."Табият таануу" усулдук бирикмеси.<br>4."Так илимдер" усулдук бирикмеси<br>5."Коомдук исскуство жана дене тарбия" усулдук бирикмеси.<br>6."Башталгыч класстар" усулдук бирикмеси.<br>**Гуманитардык багыттагы усулдук бирикмелер**<br>"Кыргыз тили жана адабияты" усулдук бирикменин жетекчиси-Жологонова Т.К., "Орус тили жана адабияты, англис тили" усулдук бирикменин жетекчиси-Касмалиева Н.А.<br>Окутуунун алдынкы усулдарын колдонуу менен жаны технологияны пайдаланып,окуучулардын суйлоо речин остуруп, туура суйлоого жана туура жазууга уйроткон кыргыз тили, орус тили, англис тили мугалимдери 2021-2022-окуу жылы алгылыктуу иштерди жасашты.<br>Сентябрь айында – Мамлекеттик тилдин 32 жылдыгына карата "Мамлекеттик тилдин беделин котоpуу-жалпыбыздын атуулдук парзыбыз!" девизинин алдында "Тилим,дилим –мурасым" темада план тузулуп, мектеп ичинде конкурсттар, диспуттар, тегерек столдор откорулуп, жыйынтыгы мектеп тизиминде алдынкы, активдуу окуучуларга грамота берилди.1-4-класстын окуучулары |

"Ата бабалардан калган мурастар" аттуу темада кыргыздын жыйынтык чыгарылды. 5-11-класстар "Улут болсом, тилим менен улутмун"- деген темада дубал газета чыгарышып, дилбаян жазышты жана флешмоб өткөрүштү. 7-а класстын окуучусу Идирисов Омурбек "Тилим, дилим –мурасым" аттуу конкурста 1-орунду ээледи .

"Кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, англис тили" усулдук бирикмелердин декадалары өткөрүлдү. Декаданын планы түзүлүп, мектеп директору тарабынан бекитилип, жыйынтыгы педкеңеште каралды.

"Кыргыз тили жана адабияты" усулдук бирикме "Мамлекеттик тилдин беделин котоpуу-жалпыбыздын атуулдук парзыбыз!" девизинин алдында "Тилим,дилим-мурасым" темада декада өткөрдү."Орус тили жана адабияты, англис тили" усулдук бирикме "Язык мой-мой друг, мой враг" девизинин алдында "Много слов на земле ..." темасында декада өтүштү.

Декадада мугалимдер окуучулардын иштерин, мугалимдердин ачык сабакаттарын, документацияларын, окуу кабинеттерин, дидактикалык материалдарын көрсөтүшүп, мугалимдер менен тажырыйба алмашышты.

**"Табият таануу"** усулдук бирикмеси "Мекенди коргоо ыйык милдет, ага кызмат кылуу андан бийик!"дивизинин алдында "Терең билим менен гана күчтүү өлкөнү кура алабыз" деген темада декада өткөрүштү. 15-февралда Совет армиясынын Ооганстандан чыгарылышына 33 жылдыгына карата Ооган жоокерлерин чыкырып, окуучулар менен жолугушуу уюштурушту.

Мугалимдер ачык сабактарды өтүшүп, мугалимдер менен тажрыйба алмашышты.

**"Башталгыч класс"** усулдук бирикме "Күч билимде, билим китепте!" девизинин алдында "Билим түгөнбөс байлык" темасында декадасын өткөрүштү. Декадада "Көркөм окуу","Жомоктор дүйнөсүндө" конкурстарын өткөрүшүп, алдынкы орундарды ээлешкен окуучуларга грамотанын мектептин тизиминде тапшырылды.

Мектепте 5 жаш адистер эмгектенишет.

| № | Жаш адистин аты-жону | Предмети |
|---|---|---|
| 1. | Сейитбек кызы Асель | Башталгыч класс |
| 2 | Сарыпбек кызы Зейнеп | Кыргыз тили жана адабияты |
| 3 | Жумашев К.Н. | Тарых |
| 4 | Исаков Б.А. | Дене тарбия |
| 5 | Нурудинов Э.Т. | Дене тарбия |

| | | |
|---|---|---|
| | | Ар бир жаш адиске насаатчылар бекитилген. Жаш адистер менен иш алып баруу "Жаш адис" планына ылайыктуу жургузулот. Жаш адистердин жыйынтык отчеттору усулдук бирикменин отурумунда, окуу-тарбия завучунун кенешмесинде каралып турат. Жаш адистер оз билимдерин жогорулатуу максатында тажырыйбалуу мугалимдердин сабактарына, мектеп ичинде, райондогу мектептерде откорулуучу семинарларга катышып, алган билимдерин оз сабактарында колдонушат.<br><br>2021-2022 окуу жылында Актилек ЖББОМ башталгыч класстарында жана тарых бирикмесинде райондук денгээлде семинар отулду.<br>Кыргыз классында орус тили сабагынан райондук тренинг отулду. Баардык отулгон сабактар эн жакшы деп бааланды. |
| 3 | Окууга жетишпеген окуучулар менен пландын аткарылышы | Мектепте окууга жетишпеген окуучулар катталган жок. |
| 4 | Жалпы жыйынтыктоо экзамендери боюнча окуучуларга , ата-энелерге маалымат беруу (персонификацияны так жана туура дайындоо) | Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик турундогу жалпы билим беруу уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим беруунун билим беруу программалары боюнча 2021-2022- окуу жылы учун жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын откоруу тартиби жонундо Убактылуу Жобо менен мугалимдер тааныштырылд.Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы № 264/1 2021-2022-окуу жылында Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны откоруу жонундогу буйругунун жана Ысык-Ата райондук Билим беруу болумунун 2022-жылдын11-мартындагы №15 буйругунун негизинде мектепте 2022-жылдын 11-майында № 41 жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү боюнча буйрук чыгарылды.<br>2022-жылдын 11-майында мугалимдер жамаатына педкенеш откорулуп, 9-класстардын 63 бутуруучулору, 11-класстын 60 бутуруучулору жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилди. Ошондой эле 9-класстарда жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын откоруудо торайымдыгына директордун орун басарлары- Джумагулова З.А Ботонбаева М.К. жана 11-класстардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын откоруудо торагалыгына мектеп директору- Суранчиев К.Т., предметтик комиссиясына, предметтик мугалимдер жана класс жетекчилер, талаш-тартыш маселелерди чечуу боюнча комиссиясынын курамдары бекитилди.<br>2022-жылдын 11-июнунан 23-июнуна чейин предметтик комиссия томонку предметтерден баалоо жургузушту.<br>9-класстын негизги жалпы билим беруу программалары боюнча: |

<table>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td>Математика, эне тили (кыргыз, орус тилдери), Кыргызстан тарыхы, кыргыз тили (орус тилинде окутуу жургузулгон класстарда), орус тили (кыргыз тилинде окутуу жургузулгон класстарда).<br>11-класстын жалпы орто билим берүү программалары боюнча:<br>Математика (алгебра), эне тили (кыргыз, орус тилдери), Кыргызстан тарыхы, кыргыз тили (орус тилинде окутуу жургузулгон класстарда), орус тили (кыргыз тилинде окутуу жургузулгон класстарда). Тандоо сабагы<br>Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны откоруу боюнча графиктер томонкудой тузулду.<br>9-класстар боюнча:<br>Математика-11-июнда, эне тили(кыргыз, орус тилдери) -14-июнда, , кыргыз тили (орус тилинде окутуу жургузулгон класстарда), орус тили (кыргыз тилинде окутуу жургузулгон класстарда)- 17-июнда, Кыргызстан тарыхы-20 июнда.<br>11-класстар боюнча:<br>Эне тили(кыргыз, орус тилдери) -11-июнда,математика14-июнда , кыргыз тили (орус тилинде окутуу жургузулгон класстарда), орус тили (кыргыз тилинде окутуу жургузулгон класстарда)- 17-июнда, Кыргызстан тарыхы-20-июнда<br>Тандоо сабагынан - 22-23- июнда<br>Тузулгон графиктер боюнча 9 жана 11-класстардын бутуруучулорун предметтик комиссиялар баалашып, экзамендик жана жыйынтыктоо баалары протоколго жана журналдарга коюлду. Экзамендик жана жыйынтыктоо баалары окуучуларга өз учурунда жеткирилип турду.<br>Окуучулар, ата-энелер тарабынан экзамендик жана жыйынтык баалар боюнча нааразычылыктар болгон жок.<br>Педкенештин чечими менен 9-класстардын окуучулары откорулгон жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын негизинде 10-класска көчүрүлүп, негизги жалпы билими жөнүндөгү күбөлүктөр жана 11-класстарга 11-классты аяктагандыгы тууралуу жана жалпы орто билими жөнүндөгү аттестаттар тапшырылды.</td>
</tr>
<tr>
<td>5</td>
<td>Мектептин ички докумен тациясын көзөмөлдөө (пландаштыру, справкалар, каякта каралат, чечимдер, сунуштамалар)</td>
<td>Мектептин ички документацияларын козомолу томонку багытта жургузулот:<br>-класстык журналдарды текшерүү;<br>-окуучулардын кундлукторун текшерүү;<br>-окуучулардын дептерлерин текшерүү;<br>-окуу кабинеттерин текшерүү.<br><br>Класстык журналдарды текшерүү
<table>
<tr><td>Текшеруу</td><td>№</td><td>Текшерүүнүн максаты</td><td>Жыйынтыгы</td></tr>
</table>
</td>
</tr>
</table>

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | нун моонот у | | | кайсыл жерден каралат. |
| | | Сентябрь | 1 | Жаны окуу жылынын башталышында журналды толтуруу бирдей орфографиялык режимди сактоо | Завуч алдындагы кеңешмеде |
| | | | 2 | Журналды оз учурунда толтуруу. | |
| | | Октябрь | 1 | Дене тарбия сабагында нормативдерди жазуу | Завуч алдындагы кеңешмеде |
| | | | 2 | Начар окуган, ордунда калган жана зээндуу окуучулардын бааларынын жыйындысы. | |
| | | | 3 | Уй тапшырмаларынын колому. | |
| | | Ноябрь | 1 | 1-чейректин жыйынтыгы. Окуу программасынын аткарылышы. | Завуч алдындагы кеңешмеде |
| | | | 2 | Баалардын объективдуу жана оз учурунда коюлушу (текшеруу иштерине дал келуу) | |
| | | | 3 | 1-чейректин бааларынын туура коюлушу, жазылышы. | |
| | | Декабрь | 1 | Окуучулардын сабактарга катышуулары, баалардын жыйындысы. | Завуч алдындагы кеңешмеде |
| | | | 2 | Класстык сааттардын жазылышы, толтурулушу. | |
| | | Январь | 1 | 2-чейректин жыйынтыгы. Баалардын объективдуу, оз учурунда коюлушу. | Завуч алдындагы кеңешмеде |
| | | | 2 | Окуу программаларынын аткарылышы | |
| | | Февраль | 1 | Предмет мугалимдеринин бааларды коюлары жана толтуруулары | Завуч алдындагы кеңешмеде |
| | | | 2 | Уй тапшырмаларынын колому | |
| | | | 3 | Сабактардын 2-жарым жылдык учун жугуртмосу. | |
| | | Март | 1 | 3-чейректин жыйынтыгы. Окуу программасынын аткарылышы. | Завуч алдындагы кеңешмеде |
| | | | 2 | Баалардын объектвидуу жана оз учурунда коюлушу. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Апрель | 1 | Кооптуу топтогу балдардын баалары | Завуч алдындагы кеңешмеде |
| | 2 | Дене тарбия сабагындагы нормативдерди аткаруу. | |
| Май | 1 | Жыйынтыктоо текшерүү: Талапка ылайыктуу журналдын толтурулушу | Завуч алдындагы кеңешмеде |

**Окуучулардын күндөлүктөрүн текшерүү**

| Текшерүүнүн мооноту | № | Текшерүүнүн максаты | Жыйынтыгы кайсыл жерден каралат. |
|---|---|---|---|
| Сентябрь | 1 | Маршруттук баракча | Өндүрүштүк кеңешме |
| | 2 | Суроттун чапталышы | |
| Октябрь | 1 | Маршруттук баракча | Өндүрүштүк кеңешме |
| | 2 | Күндөлүктүн туура толтурулушу, сабактардын жүгүртмөсүнүн жазылышы | |
| Ноябрь | 1 | Чейректик бааларынын коюлушу | Өндүрүштүк кеңешме |
| | 2 | Үй тапшырмаларынын жазылышы | |
| | 3 | Предметтик мугалимдердин бааларды коюшкандары | |
| Декабрь | 1 | Класс жетекчисинин жума сайын текшерүүсү | Өндүрүштүк кеңешме |
| | 2 | Шыктандыруучу жазуулардын жазылыштары | |
| Январь | 1 | 2-жарым жылдык сабактардын жүгүртмөсүнүн жазылышы | Өндүрүштүк кеңешме |
| | 2 | Ата-энелер тараптан көзөмөл жүгүртүүсү | |
| Февраль | 1 | Күндөлүктөрдү таза, так толтуруулары | Өндүрүштүк кеңешме |
| | 2 | Үй тапшырмаларынын жазылышы | |
| | 3 | Предметтик мугалимдердин бааларды коюшкандары | |
| Март | 1 | Класс жетекчилердин көзөмөлү | Өндүрүштүк кеңешме |
| Апрель | 1 | Кооптуу топтогу балдардын баалары | Өндүрүштүк кеңешме |
| | 2 | Үй тапшырмаларынын | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жазылышы | |
| Май | 1 | Чейректик бааларынын коюлушу | Завуч алдындагы кеңешмеде |

**Окуучулардын дептерлерин текшерүү**

| Текшерүүнүн мооноту | № | Текшерүүнүн максаты | Жыйынтыгы кайсыл жерден каралат. |
|---|---|---|---|
| 1-чейрек | 1 | Бирдей орфографиялык режимдерди сактоо | Өндүрүштүк кеңешме |
| | 2 | Текшерүү, жат жазуу, лабораториялык, практикалык дептерлерди уюштуруу | |
| | 3 | Кыргыз тили, орус тили сабактарынын жат жазуу дептерлерин текшерүү | |
| 2-чейрек | 1 | Катанын устундо иштоо | Өндүрүштүк кеңешме |
| | 2 | Уй тапшырмаларынын берилиш колому (кыргыз тиил, орус тили, англис тили) | |
| | 3 | Математика предмети боюнча текшерүү иштеринин алынышы | |
| 3-чейрек | 1 | Каллиграфиянын устундо иштоо | Өндүрүштүк кеңешме |
| | 2 | Башталгыч класстарда дептерлерди текшерүүнүн нормалары, баалардын коюлушун текшерүү | |
| | 3 | Лабораториялык, практикалык иш дептеринин текшерилиши. | |
| 4-чейрек | 1 | Предметтер боюнча дептерлердин абалын текшерүү | Өндүрүштүк кеңешме |
| | 2 | Уй тапшырмалардын коломун текшерүү | |
| | 3 | Башталгыч класстарынын | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | окуучуларынын жазуу иштерин боюнча каталардын устунон иштоо дептерлери | |

**Окуу кабинстин текшерүү**

| Текшеруу нун мооноту | № | Текшеруунун максаты | Жыйынтыгы кайсыл жерден каралат. |
|---|---|---|---|
| Август-Сентябрь | 1 | Жаны окуу жылына окуу кабинеттеринин даярдыгы | Өндурүштүк кеңешме |
| | 2 | Санитардык-гигиеналык режимдин сакталышы | |
| | 3 | Окуу кабинетинин паспортизациясы. | |
| Октябрь | 1 | Техникалык коопсуздук бурчу | Өндурүштүк кеңешме |
| | 2 | Техника коопсуздугу боюнча инструктаж дептери | |
| | 3 | Аптечкалар | |
| Ноябрь | 1 | Дидактикалык бурч. | Өндурүштүк кеңешме |
| | 2 | Предметтик папкалары | |
| | 3 | Шкафтарынын абалы | |
| Декабрь | 1 | Окуу кабинеттеринин жасалгаланышы | Өндурүштүк кеңешме |
| | 2 | Окуу кабинетинин онугуу планы | |
| Январь | 1 | Санитардык-гигиеналык режимдин сакталышы | Өндурүштүк кеңешме |
| Февраль | 1 | Окуу кабинеттердин абалы | Өндурүштүк кеңешме |
| Март | 1 | Спорт залдын, спорт инвентарларынын абалы. | Өндурүштүк кеңешме |
| Апрель | 1 | Окуу кабинеттердин жашылдандыруу | Өндурүштүк кеңешме |
| Май | 1 | Окуу кабинеттерин ремонттоо учун заявка жазуу | Завуч алдындагы кеңешмеде |

Окуучулардын оздук делолору чейрек сайын текшерилип, завуч алдындагы кенешмеде каралат. Текшеруу боюнча протоколдор жазылып, тактага илинет.

**Компетентуу окутуу жана окуучулардын жетишүүсүн баалоо**


<table>
<tr>
<td>1</td>
<td>Сабактан тышкаркы иштердин абалын козомолдоо (курстар, сабактан кийинки кружоктор, пландаштыруу, кутуучу натыйжалар)</td>
<td>
Мектептин тарбиялык иштер дагы жогорку денгээлде коюлуп, 1-сентябрь- “Билим куну”, 1-октябрь- “Карылар куну”, 5-октябрь- Мугалимдер куну”, 18-октябрь- “Алтын куз”, 1-декабрь- “ Биз СПИДке каршыбыз”, 3-декабрь- “Мумкунчулугу чектелген балдарга концерт уюштуруу”, 27-декабрь- Балаты майрамы,15-февраль- Совет армиясынын Ооганстандан чыгарылышы, 23-февраль- Мекенди коргоочулар куну,8-март-Эл аралык аялдар куну,<br>
21-март – Нооруз майрамы, 9-май- Улуу жениш куну,9-июнь- Акыркы конгуроо белгилуу кундорго арналган музыкалык адабий кечелер, конкурстар, викториналар, тегерек столдор, тренингтер, дилбаяндар, сурот сынактары, жолугушуулар откорулду<br>
Жаштар арасында кылмыштуулуктун жана тартип бузуулардын алдын алуу, окууга тартылбай калган, кароосуз калган окуучулар менен иштоодо дагы ИДН, соц.тармактын жана РБББнун адистери менен тагыз иш алып барылууда.<br><br>
Мектепте сабактан тышкаркы иштер окуучулардын кызыгуусуна жараша уюштурулган.<br><br>
<table>
<tr><th>№</th><th>Ийримдердин аттары</th><th>Сааттардын саны</th><th>Катышкан окуучулардын саны</th><th>Мугалимдердин аты-жону</th></tr>
<tr><td>1</td><td>“Юнный”</td><td>0,25</td><td>12</td><td>Рахматова А .И</td></tr>
<tr><td>2</td><td>“Жаш информатик”</td><td>0.25</td><td>21</td><td>Абдукулов А.И</td></tr>
<tr><td>3</td><td>“Жаш математик”</td><td>0.25</td><td>14</td><td>Суранчиева Д.А</td></tr>
<tr><td>4</td><td>“Камбаркан”</td><td>0.25</td><td>25</td><td>Кыдырмаева С.</td></tr>
<tr><td>5</td><td>”Англис тилин суйомун”</td><td>0.25</td><td>12</td><td>Молдокматова Б.Б</td></tr>
</table>
<br>
<table>
<tr><th>№</th><th>Ийримдердин аттары</th><th>Сааттардын саны</th><th>Катышкан окуучулардын саны</th><th>Мугалимдердин аты-жону</th></tr>
<tr><td>1</td><td>“Баскетбол”</td><td>0,5</td><td>15</td><td>Шаршенов Н.Т.</td></tr>
<tr><td>2</td><td>“Волейбол”</td><td>0.25</td><td>15</td><td>Нурудинов Э.Т</td></tr>
<tr><td>3</td><td>“Футбол”</td><td>0.50</td><td>25</td><td>Тынаев С.С.</td></tr>
</table>
<br>
Мектеп окуучуларынын социалдык абалын аныктоо жана жакындан колдоо максатында соц.педагог менен бирдикте микроучасткаларды кыдыруу менен мугалимдер оз ишмердуулукторун жургузуудо.
</td>
</tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| | | Мектепте толук жетим балдар-2 , жарым-жартылай жетим-13, толук эмес уй булодогу балдар- 79, коп балалуу уй булодогу балдар-45, аз камсыз уй було-28, майып балдар- 2, ИДНдин каттоосунда турган -жок, МИК-5 окуучу, мектептин кооптуу тизмесиндеги балдар- 4, уйдо окуган окуучулар-2, Чернобыль окуясына катышкандардын балдары-1, Афган окуясына катышуучулардын балдары-1, ички мигранттын балдары- 4, сырткы эмгек мигранттардын балдары-21, огой ата менен жашаган балдар-15,туулгандыгы тууралуу куболугу жок -1 бала.<br>Мектеп окуучуларынын арасында социалдык муктаждыкка ээ, тарбиясы оор болгон окуучуларга керектуу жардамдарды корсотуунун пландары тузулгон. Социалдык жактан коргоого муктаж балдарга класс жетекчилер, мугалимдер, соцпедагог тарабынан окуу-тарбия жаатында дайыма педагогикалык жардам корсотулуп турат.ИДН менен биргеликте үйлөрүн кыдырып, үй шарты боюнча маалымат алынат. |
| 2 | Окуучулардын чыгырмачылык жөндөмдөрүнн өнүктүрүүнү жана ишке ашырууну камсыздоо үчүн тийиштүү механизмдердин жана чөйрөнүн болушу | Окуучулардын кызыгууларына, шыктарына карата предметтик ийримдерге катышышып, өз чеберчиликтерин диспуттарда, тегерек столдордо, майрамдарда көрсөтүшөт.<br>Мектепте "Жаш биолог""Жаш математик""Жаш информатик""Камбаркан" "Англис тилин сүйөмүн"<br>"Камбаркан"ийримдери окуучулар менен отчеттук иштерин көрсөтүшүп, окуучулары грамоталар менен сыйланышты.<br>Окуучулар спортко кызыгышат, ошол себептүү "Эркин күрөш" боюнча секцияга катышышып, мелдештерде байгелүү орундарды ээлеп келишет.<br>11-а –класстын окуучусу Нурудинова Айдай Талайбековна "Ю-17" Азия чемпиондугуна катышууга жолдомо алып катышып келди. Бахрейн өлкөсүнүн Манама шаарында өтүүчү "Ю-15" Азия чемпиондугуна 9-б –классынын окуучусу Султанбекова Бегимай жана 9-в-классынын окуучусу Бакытова Элина жолдомо алышып,катышып келишти. Бакытова Элина 3 –орунду алып келди.<br>Райондо, областа өткөрүлгөн иш-чараларга биздин окуучулар активдуу катышышат. |
| 3 | Бүтүрүүчүлөр дүн ОРТ га, НЦТга, Алтын тамгага даярдыгынын денгээли.(мониторинг, баалоо, анализдөө) | Мектеп бүтүрүүчүлөрү НЦТ га катышып жакшы жыйынтыктарды алышты жана тарых сабагынан жана тандоо сабактарынан бошотулушту. 11-класстын окуучуларынан "Алтын тамгага" катышкандар жок, ОРТ 27-28-майда өткөрүлдү .Баардык 11-класстын 60 окуучулары катышып 23 окуучу 110 баллдан жогору алышты. |

**Кадрдык саясат педагогикалык жана окутуучу –көмөкчү курам**

<table>
<tr>
<td>1</td>
<td>Педагогикалык жана окутуучу көмөкчү курам (саны-сапаты боюнча топтомунун отчету)</td>
<td>Мектепте бардыгы 50 мугалим эмгектенишет. 50 мугалимдин ичинен эркек мугалим-8 (16%), аял-42 (84 %). Жогорку билимдүү- 42 (84%) мугалим, орто кесиптик билим-6 (12%) , орто билимдүү-2 (4%), пенсиядагы мугалимдер- 20 (42 %).<br>Штаттык жүгүртмөгө ылайык, метеп администрациясында-7 кызматкер иштейт. Мектеп директору-1, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары-2, класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу боюнча директордун орун басарлары-2, окуучулардын психологиялык-социалдык жактан кам көрүү боюнча мектепте 2 социалдык педагог иштейт.<br>
<table>
<tr><td>Жыл</td><td>Мугалимдердин саны</td><td>%</td></tr>
<tr><td>1-3-жыл</td><td>6</td><td>12%</td></tr>
<tr><td>3-8 жыл</td><td>5</td><td>10%</td></tr>
<tr><td>8-15-жыл</td><td>4</td><td>8%</td></tr>
<tr><td>15 жылдан жогору</td><td>35</td><td>70%</td></tr>
</table>
Билим берүүнүн отличниги- 17 мугалим (30 %), МО иН Ардак грамотасы менен сыйланган –5 мугалим (8 %).<br>Администрация кызматкерлери- 7, башталгыч класстын мугалими-16 мугалим,кыргыз тили жана адабияты-5 мугалим, орус тили жана адабияты –5 мугалим, англис тили-3 мугалим, математика-5 мугалим, физика -1 мугалим, информатика-2 мугалим, тарых-2 мугалим, география-1 мугалим, биология- 1 мугалим, химия-1 мугалим, көркөм өнөр, технология –2 мугалим,музыка- 1 мугалим, дене тарбия – 4 мугалим, аскерге чейинки даярдоо-1 мугалим.<br>Жаны мугалимдерди кабыл алуу мектептин директору жана профсоюз уюмунун төрайымы тарабынан жүргүзүлөт. Мугалимдерди жумалык сааттар менен камсыз кылуу, жылдын жыйынтыгы менен, кийинки жылга мугалимдерге жумалык саттар берилет.</td>
</tr>
<tr>
<td>2</td>
<td>Мугалимдер дин жумушка алуу кетирүү боюнча милдеттери боюнча локалдык актарды болушу. Педагогикалык жана окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуунун объективдүү критерийлерин</td>
<td>Мектепте мугалимдерди жана окутуучу көмөкчү курамды жумушка кабыл алуу, кызматтан жогорулатуу КР. Эмгек кодексинин 2004-жылдын 4-августундагы № 107 мыйзамынын негизинде мектептин директору жана профсоюздук комитети менен ачык айкын жана объективдүү чен өлчөмдөрдүн негизинде жүргүзүлөт. Кызматтан жогорулатуу жана сыйлыктарга көрсөтүү педкенеште каралып турат . Мугалимдерди жумалык саатар менен камсыз кылуу, жылдын жыйынтыгы менен, кийинки жылга мугалимдерге жумалык саттар берилет.</td>
</tr>
</table>

<table>
<tr><td></td><td>камсыздоочу механизмдердин жана жол-жоболордун болушу</td><td></td></tr>
<tr><td>3</td><td>Мугалимдин билимин жогорулатуу өзүн өзү өстүрүү, портфолио , КТПнын сабактар боюнча иштери</td><td>Натыйжалуу мектептин ийгилиги-бул- мугалимдердин кесипкой компетенттүүлүгүнүн деңгээли жогору болушу. Билим берүүнүн жана тарбиялоонун сапаты, биринчиден мугалимге, анын өнүктүрүү программаларынын усулдарын билишине, ата-энелерди жана жамаатты билим берүү процессине тарта билүү жөндөмүнө байланыштуу болот.<br>Ушул себептен мугалимдердин квалификацияларын жогорулатуу боюнча мектепте түзүлгөн графикке ылайык, ар жылы мугалимдер кыска мөөнөттүү жана 72 сааттык курстарга, КАОго ж.б. жактарда өткөрүлүүчү семинарларга, тренингдерге жөнөтүлүп турат. 2021-2022-окуу жылында өз билимдерин жогорулатуу курстарына барган мугалимдер.<br><table>
<tr><td>№</td><td>Мугалимдин аты-жөнү</td><td>Предмет</td><td>Өткөн убакты Сы</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Шакирова С.Б</td><td>География</td><td>18.04-29.04.22</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Абдукулов А.И</td><td>Информатика</td><td>04.04-15.04.22</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Орозалиева Б.Ч.</td><td>Орус тили жана адабияты мугалим</td><td>13.04-15.04.22</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Рысбаева М.А</td><td>география</td><td>21.02-04.03.22</td></tr>
</table></td></tr>
<tr><td>4</td><td>Мугалимдин кесиптик өнүгүшүнүн сапатынын мониторинги</td><td><table>
<tr><td>Бардык мугалим</td><td>Жогорку билим</td><td>Атайын орто билим</td><td>Орто билим луу</td><td>Аял</td><td>Эркек</td><td>Пенсиядагы</td><td>Пенсия ал-</td><td>Билим беруунун отл</td><td>Н КР.МОн Ардак грамота</td></tr>
<tr><td>50</td><td>42</td><td>6</td><td>2</td><td>42</td><td>8</td><td>20</td><td>2</td><td>17</td><td>5</td></tr>
</table></td></tr>
</table>




Пенсиядагы мугалимдер:

| № | Мугалимдин аты-жөнү | Предмет |
|---|---|---|
| 1 | Тиленбаева К. | Кыргыз тили жана адабияты |
| 2 | Жологонова Т.Б | Кыргыз тили жана адабияты |
| 3 | Айдарбекова Р.Б. | Орус тили жана адабияты |
| 4 | Орозалиева Б.Ч. | Орус тили жана адабияты |
| 5 | Касмалиева Н.А. | Орус тили жана адабияты |
| 6 | Сулайманкулова А.Б. | Биология |
| 7 | Шаршенова Г. | Химия |
| 8 | Суранчиева Д.А. | Математика |
| 9 | Айдарбеков Т.О. | Информатика |
| 10 | Жеентаева К.М. | Тарых |
| 11 | Рысбаева М.А. | Тарых |
| 12 | Бекенбаева Г.Т. | Математика |
| 13 | Асаналиева Н.У | Физика |
| 14 | Кыдырмаева С. | Музыка |
| 15 | Шаршеева Т. | Башталгыч класс |
| 16 | Исманалиева Г.Ч. | Башталгыч класс |
| 17 | Исманалиева Г.С. | Башталгыч класс |
| 18 | Урумбаева Г.С. | Башталгыч класс |
| 19 | Суранчиев К.Т | Директор,дене тарбия муг. |
| 20 | Тынаев С.С | Дене тарбия муг. |

**Материалдык-техникалык база жана маалыматтык ресурстар**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Педагогикалык жана окуутуучу-көмөкчү курамга, окуучуларга окуутунун | Мектептин китепканалык фондун окуу китептери, методикалык китептер жана адабият китептер менен толуктоо боюнча мерчемделген иш жүргүзүлүүдө, китепканага китептер келип турат.<br>Мектеп китепканасында окуу залы, китеп сактоочу жай бар. Окуу китептери менен камсыз болуу кыргыз класстарында -83%, |

<table>
<tr>
<td></td>
<td>күтүлгөн натыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык ресурстардын (китепкана фонду, компьютердик класс, тармактык ресурстар, окуу куралдары, техника жана башка ресурстар болушу)</td>
<td>окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда-54 % , жалпы мектеп боюнча -70%. Жыл башында окуучулардын саны такталып, окуу китептери таратылат.<br>Мектептин натыйжалуу ийгиликтери, окуучулардын билим сапатынын жогору болушу бирден-бир мектептин материалдык-техникалык базасына көз каранды. Мектептин материалдык-техникалык абалы канааттандыраарлык, мектеп кабинет системада окушат. 27 окуу кабинети бар. Мектеп автономдуу электрдик жылытуу системасы киргизилген жана мектепте кышкысын жылуулук режим сакталат. Мектеп канализациясы иштебейт, мектеп имаратында суу ашканада гана чыгат, суу түтүкчөсү мектептин короосунда бар. Окуу кабинеттери, спорт зал, ашкана жакшы абалда. Мектепте ашкана иштейт. 1-4-класстын 340 окуучуларына бекер ысык тамак берилет. Мектеп ашканасы 100 орундук стол, стулу менен камсыз болунган.</td>
</tr>
<tr>
<td>2</td>
<td>Билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелердин, өрт коопсуздугун, эмгекти коргоонун жана коопсуздук ыкмаларынын талаптарына ылайык келген окуу имараттарны нын жана бөлмө-жайларынын болушу.</td>
<td>Мектеп жыл сайын санитардык-гигиеналык ченемдерге жана эрежелерге, өрт коопсуздугун жана коопсуздук техниканы сактоо талаптарына шайкеш келиши боюнча текшерүүдөн ийгиликтүү өтөт. Мектептин материалдык-техникалык топтомуна имараттын абалы санитардык ченемдерге жана өрт коопсуздугунун талаптарына жооп берет.Мектептин жалпы аянты-615 кв.м. 950 окуучулук орунга эсептелген,окуу имараты типтүү, мектеп 3 кабаттуу.
<table>
<tr><th>№</th><th>Окуу кабинеттери</th><th>Кабинеттер</th><th>Жалпы аянты</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Кыргыз тили</td><td>4</td><td>220 кв.м.</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Чет тили</td><td>3</td><td>135 кв.м.</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Орус тили</td><td>3</td><td>165 кв.м.</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Тарых</td><td>2</td><td>110 кв.м.</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Математика</td><td>3</td><td>165 кв.м.</td></tr>
<tr><td>6</td><td>География</td><td>-</td><td>-</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Физика</td><td>1</td><td>69 кв.м.</td></tr>
<tr><td>8</td><td>Биология</td><td>1</td><td>55 кв.м.</td></tr>
<tr><td>9</td><td>Химия</td><td>1</td><td>54 кв.м.</td></tr>
<tr><td>10</td><td>Информатика</td><td>1</td><td>54 кв.м.</td></tr>
<tr><td>11</td><td>Административдик жайлар (кабинеттер)</td><td>4</td><td>104 кв.м.</td></tr>
<tr><td>12</td><td>Дааратканa</td><td>1 тышта</td><td>20 кв.м.</td></tr>
<tr><td>13</td><td>Китепкана</td><td>1</td><td>96 кв.м.</td></tr>
<tr><td>14</td><td>Китеп сактоочу жай, архив</td><td>1</td><td>8 кв.м.</td></tr>
<tr><td>15</td><td>Лаборатория</td><td>2</td><td>44 кв.м.</td></tr>
<tr><td>16</td><td>Спорт зал</td><td>1</td><td>318 кв.м.</td></tr>
<tr><td>17</td><td>Музыка кабинети</td><td>1</td><td>30 кв.м.</td></tr>
<tr><td>18</td><td>Ашкана</td><td>1</td><td>320,21 кв.м.</td></tr>
</table>
</td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| 19 | Жыйын залы | 1 | 395 кв.м. |
| 20 | Эмгекке үйрөтүү кабинети | 1 | 133 кв.м. |

| Ресурстар | Аталыштары | саны |
|---|---|---|
| Окуучулар колдонгон компьютерлер | Пентьюм- 4<br>LUCOMS<br>AEROMAX | 7<br>5<br>2 |
| Принтер | | - |
| Проектор | | 1 |
| Интернет | | Туташтырылган |
| Телевизор | | 2 |
| Интерактивдик (электрондук) доска | | Жок |
| Ноутбук | | 1 |
| WiFi | | 1компьютерге туташтырылган |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | Программасын жүргүзүү үчүн санитардык тазалыктын эрежелери, өрт коопсуздугу, эмгек коопсуздугу талаптарына ылайык ант | Мектепте класс кабинеттери, ашкана санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык жасалгаланган. Мектепте ар жылы окуу жылынын башында өрт коопсуздук боюнча текшерүүлөр жүрүп, протоколдор жазылып берилет. Мугалимдерге жана окуучуларга жол эрежелери, өмүр коопсуздуктары боюнча инструктаждар жүргүзүлүп, кол койдурулат. |
| 4 | Тамак ашка тиешелүү абалды анализдөө | Башталгыч класстардын окуучуларына МерсиКо компаниясы тарабынан ысык тамак уюштурулуп берилди. МерсиКо тарабынан ун, суу май, күрүч, буурчак, ата-энелер тарабынан ар бир балага 100 сом жана Өкмөт бюджетинен 7 сом бөлүнүп берилген<br>Мектепте ашкана иштейт. 1-4-класстын 340 окуучуларына бекер ысык тамак берилет. Мектеп ашканасы 100 орундук стол, стулу менен камсыз болунган. |
| 5 | Мугалимдердин жана окуучлардын мед.кароодон өткөндүгү боюнча жыйынтыгы ( мониторинг, анализ, справкалар) | Мектепте 0-1-класстарга келүүчү окуучулар мед.комиссиядан өткөрүлүп, мектепке мед.справкалары менен келишет. Мугалимдер август айында мед.комиссиядан өткөрүлөт, ишке кирүү боюнча уруксат алышат.<br>0-11-класстын окуучуларын ГСВдан график боюнча текшерүү жүргүзүшүп, диагноздору класстын журналынын ден соолук баракчасына белгилешет. |
| | | |

<table>
<tr><th colspan="3">Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Окуучулардын контигенти жөнүндө маалымат, окуучулардын катышуусу жана жетишүүсү, жетишкендери жана иргелеши жөнүндө маалымат</td><td>
<table>
<tr><th>№</th><th>Окуучулардын улуттук составы</th><th>Саны</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Кыргыз</td><td>801</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Орус</td><td>26</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Уйгур</td><td>7</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Татар</td><td>2</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Украин</td><td>4</td></tr>
<tr><td>6</td><td>Казак</td><td>7</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Озбек</td><td>2</td></tr>
</table>
Окуучулардын жыл ичинде келип-кетүүлөрү боюнча анализ.
<table>
<tr><th>Окуучулар<br>дын саны</th><th>Кеткен окуучулар, көрсөткүчү</th><th>Келген окуучулар көрсөткүчү</th></tr>
<tr><td>891</td><td>76 / 55 %</td><td>79 /57%</td></tr>
</table>
</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Ата-энелер менен иш-жүргүзүү, тестирлөө, камкордук комитети менен иштөө , бюджеттен сырткары булактары, пландоо</td><td>Өнөктөш уюмдар, алар менен уюштурулган кызматташтыкты ишке ашыруунун алкагында мектеп алгылыктуу иштерди кылып жатышат.<br>Билим беруу жана илим министрилиги тарабынан 5 компьютер, айыл окмоту тарабынан 2 компьютер берилди.<br>Башталгыч класстардын окуучуларына МерсиКо компаниясы тарабынан ысык тамак уюштурулуп берилди. МерсиКо тарабынан ун, суу май, күрүч, буурчак, ата-энелер тарабынан ар бир балага 100 сом жана Өкмөт бюджетинен 7 сом бөлүнүп берилген.<br>"Бакыт" жеке ишканасы, мектепке заманбап дааратканасын куруп берди.<br>МерсиКО компаниясы тарабынан "Колду таза жуу жана мектептеги санитардык абалды жакшыртуу" проектисинин негизинде 6 кол жуучу раковиналар жана ысык сууга аристондун эмеректери менен камсыз кылышты.Ошондой эле кол жуу үчүн 1 жылга эсептелген кол жуучу каражаттар болүнүп берилди. Мектептин чатыры ушул тапта толугу менен айыл өкмөтүнүн жардамы менен алмаштырылып жатат.</td></tr>
</table>

Мектеп директору: Суранчиев К.Т.

Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Джумагулова З.А